**УДК 37.01**
**DOI 10.53473/16946324_2023_2**

**Дюшенова Майрамбу Саламатовна**
ОИӨК «Кыргызстан эл аралык университети»,
**Дюшенова Майрамбу Саламатовна**
УНПК "Международный университет Кыргызстана",
**Diushenova Mairam**
ERPC "International University of Kyrgyzstan",
mairamdiushenova@gmail.com

# КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ ОРТО МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖОЖдо АНГЛИС ТИЛИН ӨЗДӨШТҮРҮҮДӨГҮ ТОСКООЛДУКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ЖОЮУГА КӨРСӨТҮЛГӨН АЙРЫМ МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

# БАРЬЕРЫ В ОСВОЕНИИ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА ВЫПУСКНИКАМИ КЫРГЫЗКОЯЗЫЧНЫХ СРЕДНИХ ШКОЛ В ВУЗАХ И НЕКОТОРЫЕ МЕТОДИЧЕСКИЕ РЕКОМЕНДАЦИИ ПО ИХ УСТРАНЕНИЮ

# BARRIERS IN THE LERANING OF ENGLISH BY GRADUATES OF KYRGYZ-SPEAKING SECONDARY SCHOOLS IN UNIVERSITIES AND SOME METHODOLOGICAL RECOMMENDATIONS FOR THEIR ELIMINATION

***Аннотациясы:*** *Макала, кыргыз тилдүү орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн, ЖОЖдордо англис тилин өздөштүрүүдө болгон тоскоолдуктары жана аны жоюунун айрым методикалык сунуштары жөнүндө баяндайт.*
***Негизги сөздөр:*** *глобалдаштыруу процесси, жети дубан, карьера, Атайын жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси, Тынчтык корпусу, нускасы*

***Аннотация:*** *В статье рассказывается о препятствиях, с которыми сталкиваются выпускники кыргызскоязычных средних школ в освоении английского языка в вузах, и о некоторых методических рекомендациях по его преодолению.*
***Ключевые слова:*** *процесс глобализации, семь регионов, карьера, Чрезвычайный и Полномочный Посол, Корпус Мира, издание*

***Abstract:*** *The article focuses on the obstacles in mastering English in higher educational institutions by graduates of Kyrgyz-speaking secondary schools and some methodological recommendations for overcoming it.*
***Keywords:*** *the process of globalization, seven regions, career, Ambassador Extraordinary and Plenipotentiary, Peace Corps, edition*

Чет тилин билүү ар бир адам үчүн укмуштуудай келечекти ачат. Чынында эле дүйнө жүзүндөгү эң ири тил – бул англис тили. Учурунда Британия дүйнөнү башкаргандын натыйжасында бул тилде бардык континентте сүйлөшөт. Техника кылымынын учурунда интернет мейкиндигинин негизги бөлүгү англис тилинде. Дүйнөлүк глобалдаштыруу процессинин негизин да англис тили түзөт. Ал эми жумушта, каржы институттарында, туризмде, транспорт, аба жолдору, билим берүү жана башка коомдун ар кыл сфераларында англис тили колдонулушу керек экендиги баарыбызга маалым.

Англис тилине болгон мынчалык кызыгууну байкоочулар бул заманда чет тилин билүү, жакшы маяналуу жумушка орношууга жана келечекте оюндагыдай карьера жасоого жол ача тургандыгы менен чечмелешүүдө.

Кыргызстандын келечектеги ар кайсы сферада өсүп-өнүгүшүнө чет тилинин талашсыз чоң ролу бар экенин, өз баамдоолорун жана сунуштарын берип жаткан илимпоздор, эл өкүлдөрү да жок эмес. Буга мисал, жакында Кыргызстан Спутник маалымат билдирүү борборуна айрым элдик депутаттардын ой-толгоолору жарыяланды. Алардын сунушу боюнча билим берүүнүн орто мектептеринде, кыргыз тили, кыргызстан тарыхы сабактары кыргыз тилинде, дүйнөлүк тарых, орус тили, орус адабияты орус тилинде, ал эми химия, биология, информатика жана башка сабактар англис тилинде окутулса келечек муун үчүн маанилүү болмок деп билдиришти. Англис тили чет тил катары гана окутулбастан билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуу тили катары колдонулушу керектигин,алдыңкы жогорку окуу жайларга дагы пилоттук режимде киргизүү зарыл дешти. Албетте, реформага акча керек, бирок биз баштай берсек эл аралык уюмдар кол кабыш кылат деген ойлор камтылды. Ошондой эле кыргыз тилинин макамын жана анын маанилүүлүгүн четке какпай, тескерисинче, аны жайылтуунун тарапташтары экени эскертишти. Бирок бир гана кыргыз тили менен эч жакка бара албасыбыз белгилүү. Орус тили кошуна КМШ өлкөлөрү менен баарлашуу, иш алып баруу үчүн колдонулса, англис тилинде эл аралык аренага жол ачылаары да далилдүү болуп калды.

ЖОЖдордо айрым предметтерди англис тилинде окутуп, кээ бир учурларда диссертацияларды дагы чет тилде жазып, коргоо сунушталууда. Бул тууралуу Илим, инновациялар жана жаңы технологиялар боюнча кеңештин катчысы Батыркул Баетов билдирди. "Биз илимге татыктуу кадрларды, ал эми мамлекетке жакшы адистерди алышын каалайбыз. Жогорку окуу жайдагы билим алуунун баштапкы жылдары (1-2-жыл) биз англис тилин жана IT-технологияларды окутууга өзгөчө басым жасашыбыз керек. Экинчи жарымында атайын дисциплиналар дагы англис тилинде жүргүзүлүп, дипломдук иштер ушул тилде жакталса болмок", — деди Баетов. Ал бул сунуш кыргызстандык адистердин атаандаштыкка жөндөмдүү болуп, ааламдашуу шартында башка өлкөлөрдөн келген кесиптештери менен иштешүүгө шарт түзөт деп эсептейт.

Кыргызстандын жаштары англис тилин билүүнү жакшы жашоого умтулуу катары түшүнүшөт. Бүгүнкү замандын талабын байкап туруп, Кыргызстанда азыр тил үйрөнүүдөн эч ким качпасы анык, анткени англис тилин үйрөнүү биздин мамлекеттин жарандарынын маанилуу максаттарына айланганына күмөн жок. Мисалы, тилди билген жаран, жогорку маяналуу жумуш таба алат, тилдик тоскоолдук жок саякатка чыга алат жана жалпысынан жашоосун түп тамырынан бери өзгөртө алат деген ишенич жаралды. Ошол себептүү көптөгөн жарандар, жаш өзгөчөлүгүнө карабастан, англис тилди тез арада үйрөнүүнүн жолдорун тандашып, ар кандай тилдик курстарга барууга мажбур болуп жатышат. Ушундай мажбурчулуктун, керектүүлүктүн маселеси жеңил чечилет эле, эгерде англис тилин үйрөтүүнүн методикасын мамлекеттик тилде жайылтып, билим берүү системасынын мектепке чейинки, орто жана жогорку баскычтарында чоң маани берилсе. Албетте, системалаштырылган билим берилип жатат, жетишкендиктер болууда, бирок натыйжанын, жыйынтыктын пайызы аз жана сапат төмөн.

Кыргызстандыктар англис тилин канчалык билишет? Жакында болуп өткөн, дүйнөлүк рейтингди аныктоого,112 өлкөдөн эки миллиондой киши катышкан тестирлөөнүн жыйынтыгына негизделген маалымат боюнча, Кыргызстан, Таиланд менен Омандын ортосунда жайгашты. Кыргызстан EF Education First компаниясы тарабынан иштелип чыккан англис тилин билүү рейтингинде 101-орунду ээледи. Көрсөткүчтөргө ылайык, Кыргызстан "англис тилин өтө төмөн деңгээлде билген өлкөлөр" категориясына кирээри белгилүүболду.

Мындай көрүнүштүн көптөгөн себептери бар. Анда, ошол себептердин бирине токтолуп, сиздер менен бөлүшүп көрөйүн. Мамлекетибиздин борбору Бишкек шаарынын бир

нече кыргыз мектептерин эсепке алгандан тышкары, бардык дубандагы айыл мектептеринин дээрлик бардыгында окутуу процесси кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Демек тил үйрөнүү тоскоолдуктары орто мектептерден башталаары айкын. ЖОЖдорду орус тилинде бүтүрүп келген англис тилчилер, кайра кыргыз тилде берүү кыйынчылыгына дуушар болушат. Ошондуктан негизги себептеринин бири, азыркы учурда чет тилин окутуунун усулу боюнча кыргыз тилинде адабияттар жокко эсе болгондуктан, кыргыз тилдүү аудиторияга чет тилинин усулун окутуу лектор менен катар эле, студенттер үчүн да көп кыйынчылыктарды туудурат. Мамлекетибиздин жети дубанынын айылдык орто мектептерин бүтүргөн окуучулар, жогорку окуу жайына өткөндөн баштап эле тилдик тоскоолдуктарга кабылышаары белгилүү. Бир эле англис тилди эмес, башка предметтерди өздөштүрүүдө кездешет. Себеби айылдык орто мектептердин дээрлик бардыгы мамлекеттик тилде окутушат, кыргыз тилдүү мугалимдер жана чөйрө болгондуктан, окуучулар орус тилин да, англис тилин да кыргыз тили аркылуу үйрөнүшөт, ой жүгүртүүлөрү кыргыз тилинде калыптанат. Ал түгүл, мектепке ылайыкталган айрым англис тил окуу китептери да, кыргыз тил түшүндүрмөсү менен басылып чыккан. Ал эми жогорку окуу жайларда негизинен орус тил аркылуу берилген окуу китептери колдонулат. Бул жерден кыргыз тилдүү окуучуларга тилден тилге өтүү кыйынчылыгы келип чыгып, англис тилин өздөштүрүүсү төмөндөйт. Ошондой эле группаларда, шаардык мектептерден бүтүп келген окуучулар ортосунда чоң ажырым жана тил үйрөтүүдө мугалимдер үчүн да тоскоолдуктар пайда болот. Мындай абалда окуу программасы толугу менен аткарылбай калышы абзел. Мугалимдер мындай кыйынчылыктарды чечүүнүн жолу катары, жетишпеген студенттин жекече кошумча сабак алуусун сунушташат. Бирок англис тилин үйрөнүү деле капчыктын калың-жукалыгына көз каранды. Азыр америкалык же англичан окутуучулары бар сабактардын баасы бир айга 100 долларга жакындап барат. Мынчалык каражатты кыргызстандыктардын басымдуу бөлүгү эки же үч айда араң иштеп табышат. Демек, мындай жол да студентке кайрадан кыйынчылык жаратат жана үй-бүлөлүк каражатка таасирин тийгизет. Ортодо чайналган студенттер курстан курска жетишпеген деңгээлде кала берүүсү, сапатсыз билимге алып келээрине шек жок. Бишкекте англис тилин суудай билген жаштардын бир агымы пайда болгону менен, эң өкүнүчтүүсү - айылдыктар жетиштүү шарттын жоктугунан улам, чет тилдерге колу жетпей калууда.

Окутуучу чет тилин окутуу усулунун теориясында кездешүүчү терминдерди колдонуудагы көйгөйлөрдү чече албаса, студент бул багыттагы адабияттардын жоктугунан билимин талапка ылайык өркүндөтө албайт.

Бул макаланы жазууда менин максатым, кыргыз тилдүү орто мектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн жогорку окуу жайларда англис тилди үйрөнүүдө келип чыккан жогорудагыдай көйгөйлөрүн сындоо эмес, аларды изилдеп чыгып, окутуучуларга маалымдап жана сунуш көрсөтүү.

Жаштарга билим берүүдөгү жана англис тилин окутуудагы көп жылдык тажрыйбама таянып, жылдан жылга өрчүп, тереңдеп бараткан жогорудагы көйгөйлөрдү изилдеп чыгып төмөндөгү сунуш - тыянакка келдим:

1. Кыргыз тилдүү орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү жогорку окуу жайларга тапшыргандан тартып эле, англис тилин үйрөтүүдө, тилдик өзгөчөлүккө карап чет тилин окутуунун кыргыз тилинде жарык көргөн усулдук адабиятын ЖОЖдордо колдонуусу тилдик тоскоолдукту жеңилдетет;
2. Сөз байлыгы кыргыз тилине көндүм болуп калган студенттерге англисче-кыргызча сөздүктөрдүн колдонулушу, оюң толугу менен айтып берүүсүнө, грамматикалык жана лексикалык материалдарды кыргыз тили менен салыштырып тез өздөштүрүүсүнө көмөк болот;
3. Англис тилин окутуу боюнча изилдөө иштерине, көбүн эсе акыркы жылда чет өлкөлүк авторлордун эмгектерине таянуу менен иштелип чыгып жарык көргөн

адабияттарды кыргыз тилине которуп орто мектептердин жана жогорку окуу жай- лардын англис тил мугалимдерине жайылтылса тилдик тоскоолдуктарды чечүүнүн кадамы башталат;

Англис тилди билүүнүн актуалдуулугу күндөн күнгө жогорулап бараткандыктан, 2021- жылдын 4-августунда Кыргыз Республикасынын АКШдагы Атайын жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси Бакыт Аманбаев АКШнын Тынчтык корпусунун директорунун милдетин аткаруучу Кэрол Спан айым менен жолугушуу откон. Жолугушуу учурунда эки тараптуу кызматташтык, тагыраак айтканда, Тынчтык корпусунун Кыргызстандагы ишмердүүлүгү боюнча ар тараптуу пикир алмашуу болгон. Бакыт Аманбаев Тынчтык корпусунун Кыргызстанда 30 жылга жакын убакыттан бери англис тилин мектеп окуучуларына, мугалимдерге үйрөтүүгө багытталган ишмердүүлүгүн жогору баалап, алардын ишмердүүлүгүн мындан да жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуш пикирлерин ортого салып, кыргыз мектептеринде англис тилин терең үйрөтүү маселесин талкуулаган. Талкуунун жүрүшүндө тараптар Кыргызстандагы Тынчтык корпусунун келечектеги ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттыруу боюнча биргелешип иш алып барууну макулдашышты. Эл өкүлү сабактардын англис тилинде окутулушу келечек муун үчүн маанилүү деп эсептейт. Эл өкүлү анын максаты келечек муундун кыргыз, орус жана анлгис тилинде эркин сүйлөшүн калыптандыруу болуп саналарын айтты. Негизгиси, тилдерди жайылтуу гана болбостон эл аралык аренада өлкөнүн кызыкчылыгын жана баалуулуктарын активдүү көрсөтө алган атаандаштыкка жөндөмдүү жаштарды чыгаруу экенин белгиледи. Ушул макулдашууну негиздеп, англисче-кыргызча усулдук китептердин, англисче-кыргызча сөздүктөрдүн жана башка англис тилине тиешелүү адабияттардын, окуу китептердин нускасын көп санда басылып чыгышына көмөк көрсөтүп, кыргыз тилдүү орто мектептердин мугалимдерине жана окуучуларына жардам берилсе жакшы болот деген оюмду ортого салып макаламды жыйынтыктайм.

**Адабияттар:**


1. Ийсаева А. Ж., Иманакунова И. Ж., 2019 © Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2019
2. 2007-2010-жылдарга өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы. (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 7-майындагы ПЖ № 158 Жарлыгынын редакциясына ылайык)
3. Электрондук булак: https://englhouse.ru/uchashhimsya/kak-vybrat-repetitora-po- anglijskomu.html

Бишкек, Sputnik Кыргызстан жаңылыктар түрмөгү. sputnik.kg https://sputnik.kg › keyword..